К67/3,2
83.8
М34

14с

Марлэн Матназаров

# КАКТУС



Кырг
83.8
М.34

Марлэн Матназаров

# КАКТУС



*Сүрөтчү*

Нурланбек Токтали уулу

Бишкек 2023

УДК 821.51-93
ББК 83.84
М 34

М 34 Матназаров Марлэн
**«Кактус»** / Сүрөтчү Нурланбек Токтали уулу.
– Б.: «Имак Офсет», 2023. 12 б.

ISBN 978-9967-33-330-7

Copyright © 2023. Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0
Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/)
боюнча лицензияланган.

Бул китеп USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында окуу материалдарын классификациялоо боюнча эксперттик топтун мүчөлөрү Б.А. Абдухамидова, К.Р. Акматова, Н.Т. Кабылбаева, Ж.А. Каримова, А.Ж. Муратов, Р.К. Султангазиева, А.Д. Токтомаметов, Б.Б.Топоева-Ставинскаянын катышуусу менен иштелип чыкты.

ISBN 978-9967-33-330-7

УДК 821.51-93
ББК 83.84

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35742

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Апам базардан герань, фиалка, кактус гүлдөрүн сатып келди. Мындай гүлдөр биздин классыбызда да бар. Кактус мага көп анча деле жага бербейт. Тикенектүү, анын гүлдөгөнүн да көргөн эмесмин. Апам бул гүлдөрдү сугарып турууну мага тапшырды. Баарынан кызыгы эртеси башталды. Классташым Арген чогуу ойнойлу деп үйгө келди. Мен ага апамдын гүлдөрүн көргөздүм.





– Мобул кактусту тезинен жок кылуу керек, – деди ал.

– Эмнеге?

– Бул үйүңөрдүн чатырын тешип чыгышы мүмкүн.

– Койчу ай, ушу кибиреген кактуспу?

– Кибиреген дейсиңби? Азыр ушул



кактусуң канча сантиметр деп ойлойсуң?

– Өлчөп көрүш керек.

Экөөбүз сызгычты алып кактусту өлчөй баштадык. Туптуура үч эле сантиметр экен. Аргенге карап кыткылыктап күлдүм.

– Эмне күлөсүң? Ишенбейсиңби? Чын айтам. Кактус аябай чоңоюп кетсе, 25 метрге чейин өсөт.

– Сен муну кайдан билесиң?

– Атам айткан.

– Сенин оюң боюнча, кактуска суу куйбай коюшум керек экен да!

– Куйбасаң куйбай эле кой.


– Арген, сен мени тамашалап жаткан жоксуңбу? Менин апам деле эмне, билбейт дейсиңби? Анда эмнеге элдин баары кактус өстүрүшөт? Мисалы, мектепте деле бар.





– А мен сага өз оюмду айттым. Өзүң бил, – деди Арген.


Бир заматта кактустун дарактай өсүп, үйдүн шыбын тешип чыгарын ойлоп коркуп кеттим. Чын эле, эгер ошончо чоңоюп өсүп кетсе, бул кактусту кайда коёбуз? Азыр эле ушунча



тикенектүү. Анда тикенектери кандай өсүп кетет, ыя?! Ыргытып салсамчы? Анда апам эмне дейт?

Апам ошол маалда жумуштан келип калбаганда эмне болот эле, билбейм.

– Динара, гүлдөргө суу куйганды унуткан жоксуңбу? – деди апам.



– Кактуска куйган жокмун.

– А эмнеге?

Апама Аргендин сөздөрүн айттым.

– Ооба, Арген туура айткан, – деди апам.

Ошондо менин көзүмдүн алайганын көрсөңөр!



– Анда эмнеге кактусту алып келдиңиз, апа! – дедим шашып.

– Кактустар Американын токойлорунда 1 сантиметрден 25 метрге чейин өсөт. Ал абдан ысыкка чыдамкай. Кээде саякатчылар

суусуз калганда, кактустун суусун ичип, аман жан сакташкан. Атүгүл анын жыгачынан имарат курганга да пайдаланат. А бул үй кактусу.

Кактус дүйнө жүзүнө үйдө өстүрүүгө ыңгайлаштырып таратылган.



Ошон үчүн бул эч качан токойдогудай бийик чоңоюп өспөйт.

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 35742 б/р

– Ошентсе деле, апа, тикенектүү, гүлдөбөгөн кактусту эмнеге алдыңыз дейм да...

Апам жылмайып тим болду. Ошентип, ал кактус өсө берди. Гүлдөр менен кошо ага да суу куюп жүрдүм.

Бир күнү апам мени чакырып калды.

– Динара, карачы, кызым! Кактус гүлдөп калыптыр! – деди апам абдан кубанычтуу.

Гүлдөрдүн жанына чуркап келдим. Чын эле, мен жактырбай жүргөн тикенектүү кактус бажырайып гүл ачыптыр.

– Оо, кактус! Кактус да ушунча кооз гүлдөйбү! – таң кала сурадым.

– Ооба, кызым, кактус ушундай кооз гүлдөйт. Сен ишенбей жаттың эле. Мына, көрдүңбү? – апам сыймыктуу сүйлөдү.

– Ооба, апа, эми ишендим. Мен эми аны жакшы багам, – дедим ишенимдүү.

– Бирок анын гүлү бир эле күн турат, – деди апам жылмайып.

Бардык гүлдөрдүн арасында кактус эң бир кооз көрүндү. Кактус керемет гүл тура! Биз анын гүлдөшүн эми жыл сайын күтөбүз!

14с

РБДЮ

35742 б/ф

35742 б/ф

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*Автор*
**Марлэн Матназаров**

*Сүрөтчү*
**Нурланбек Токтали уулу**

*Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот*

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли

*ЖЧК «Имак Офсет» басмаканасында басылды. Нускасы 6233*
*Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 1А*
*imakofset.kg*